# Бүгүн аба ырайы кандай?



Автор: Мира Кокоева

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Бүгүн аба ырайы кандай?

Автор: Мира Кокоева
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Какая сегодня погода*, Copyright © 2020, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/), за исключением случаев, указанных ниже. түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Бүгүн аба ырайы кандай?" (кыргыз тилинде), автор Мира Кокоева, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алынып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат. Сырткы бет by JillWellington, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com /images/id-1509956/.; 1-б Kenrick Baksh, © 2021 www.pexels.com. Kenrick Baksh https://www.pexels.com/photo/green-trees-on-green-grass-field-4054940/; 2-б Victoria Borodinova, © 2021 www.pexels.com . https://www.pexels.com/ru-ru/photo/1619708; 3-б Kat Jayne, © 2021 www.pexels.com. . https://www.pexels.com/ru-ru/photo /551567; 4-б Simon Berger, © 2021 www.pexels.com.https://www.pexels.com/photo/photography-of-mountains-under-cloudy-sky-1183099.; 5-б Megan Newman, © 2021 www.pexels.com. https://www.pexels.com/photo/white-petaled-flowersat-daytime-837494.; 6-б Felix Mittermeier, © 2021 www.pexels.com. https://www.pexels.com /photo/green-trees-2832087.;7-б Polesie Toys, © 2021 www.pexels.com. https://www.pexels.com /photo/child-in-brown-jacket-riding-blue-and-green-plastic-sled-on-snow-covered-ground-6139833.; 8-б Greg, © 2021 www.pexels.com. https://www.pexels.com/ru-ru/photo/2418664.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.



Күн ачык

Бүгүн күн ачык. Сыртта аба ырайы сонун! Асманда бир да булут жок. Күн жарык тийип, көңүлүңдү көтөрөт.

Бак-дарактын жалбырактары ачык-жашыл болуп турат. Мындай күнү паркта сейилдесең, футбол ойносоң, эс алсаң болот.

Жеңил эле кийинип алганың жакшы.

Сен да ушундай аба ырайын жакшы көрөсүң го?



Жамгыр

Жамгыр жаап жатат. Ал терезеге чаба жаап, үйлөрдүн чатырынан куюлуп жатат. Күн бүркөк болуп, асманды булут каптаган. Кээде жаан мөндүргө айланат.

Көчөдө көлчүк көп. Жер баткак.

Аба тазара түшкөн.

Сен жаанда сейилдегенди жакшы көрөсүңбү?

Мындай күндөрү күрмө, резина өтүк кийип, кол чатыр ала чыксаң жакшы болот.



Шамал

Шамал катуу согуп, жалбырактарды учуруп жатат. Эми аба ырайын өзгөртүшү мүмкүн. Ал булуттарды айдап таратат же, тескерисинче, чогулта алат.

Сыртта суук болгондуктан, жылуурак кийинип алышың керек.

Мага мындай аба ырайы анча жакпайт. Сагачы?



Күн бүркөк

Бүгүн күн бүркөк. Менин маанайым да ошондой. Асманда калдайган кара булуттар чогулду. Мына-мына жаан жаайын деп турат.

Айлана караңгы тартып калды. Асмандын, дубалдардын жана асфальт жолдун өңү да ушундай.

Маанай чөгүп, эч нерсе жакпай турганда, ушундай аба ырайын эч ким деле жакшы көрбөсө керек.

Мындай күндөрү сенин маанайың кандай болот?



Аптап

Күн ачуу тийип жатат. Бүгүн күн ысык, аба кургак. Асманда токумдай булут көрүнбөйт. Үлп эткен жел жок.

Мындай кезде күнгө күйүп, сууга түшүп, балык кармасаң болот. Бул убакта элдин көпчүлүгү биздин жакшы көргөн Ысык-Көлүбүзгө жөнөйт.

А сен мындай аптаптуу күндөрдө эмне кыласың?



Туман

Туман түштү. Ал шаарды чулгап, тегеректин баарын караңгылатып салды. Үйлөр, бактар жана адамдар даана көрүнбөй калды. Аба суук жана нымдуу болуп турат.

Силер жакка ушундай туман түшөбү?



Кар

Сыртта абдан суук жана ызгаар болуп турат. Бардык жолдор, үйлөр үлпүлдөк кар менен чүмкөлгөн. Жеңил, кооз кар бүртүкчөлөрү каалгып түшүүдө.

Жылуу кийинип, мээлейди да алганды унутпаш керек. Мындай күндө чана, сноуборд тепкен сонун! Коньки жана лыжа тепсеңер да болот. Кар кишини да жасап койсоңор, андан да сонун!

Сага кыш жагабы?



Күндүн күркүрөшү. Чагылган

Асманда шамал айдаган булуттар чогулду. Алардын өңү кунарсыз жана коргошун сымал болуп турат. Күн күркүрөп, чагылган чартылдап жатат.

Мындай күнү үйдө эле отуруп, терезелерди жаап алыш керек.

Сен корккон жоксуңбу? Коркпо! Бул бат эле өтүп кетет. Асман ачылып, күн чыгат. Кээ бирде күн желеси да пайда болот.

Күн желеси – аябай кооз көрүнүш.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Мира Кокоева
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Сүрөттөр төмөнкү сайттардан алынган:
www. pexels.com, www.pixabay.com

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли